ДОЛБООР
6-тескеме

**Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул “Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө” Жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” Мыйзамынын 9-1 жана 9-2-пункттарына, Кыргыз Республикасынын “Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 28-майындагы №186 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө Жобонун 14 жана 15-пункттарына ылайык иштелип чыкты.
2. Бул Жобо өзгөчө укуктук режими жана статусу бар “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагынын финансылык институттарынын ишине жайылтылбайт.
3. Бул Жобо инновациялык кызматтарды жана технологияларды ишке ашырууга байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуу режиминин иштөө тартибин, ага катышуу шарттарын, ошондой эле анын катышуучуларын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө тартибин аныктайт.
4. Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуу режими “Виртуалдык активдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-1 жана 9-2-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен белгилүү бир мөөнөткө жана (же) Кыргыз Республикасынын айрым аймактарында белгиленет.
5. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик өз

компетенциясынын чегинде атайын жөнгө салуу режиминин иштешин уюштурууну камсыз кылат, анын катышуучуларын тандоону, лицензияларды (уруксаттарды) берүүнү, алардын иш-аракетин көзөмөлдөөнү жана ушул Жободо белгиленген тартипте атайын жөнгө салуу режимин ишке ашыруунун натыйжаларына баа берүүнү жүзөгө ашырат.

## 2-глава. Терминдер жана аныктамалар

6. Ушул Жобонун максаттары үчүн төмөнкү негизги терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **Жөнгө салуучу пилоттук чөйрө (ЖСПЧ)** – Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүү менен байланышкан виртуалдык активдер чөйрөсүндө инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүү менен алектенген катышуучуларга ВАУАнын талаптарына ылайык аларды контролдонуучу чектелген чөйрөдө (аймак боюнча, убакыт боюнча, операциялардын жана пайдалануучулардын саны жана көлөмү боюнча жана башкалар боюнча) апробациялоого мүмкүндүк берген эрежелердин жыйындысы.
- **Арыз ээси** – виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу жана аларды андан ары тестирлөө үчүн атайын жөнгө салуу режимин түзүү жөнүндө арыз берген юридикалык жак, резидент/резидент эмес.
- **Кошо арыз берүүчү –** ВАУАга атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөө үчүн арыз берген резидент же резидент эмес юридикалык жак.
- **Атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу –** атайын жөнгө салуу режиминин шарттарына ылайык виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөөдөн өткөргөн Арыз ээси жана Кошо арыз берүүчү (эгер бар болсо).
- **Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операциялардын чектелген тизмесин жүргүзүү укугуна ВАУАнын лицензиясы** – режимдин алкагында виртуалдык активдер менен иш-аракеттерди жана айрым операцияларды жүзөгө ашырууга катышуучунун укугун күбөлөндүргөн документ (ушул Жобонун 5-тиркемеси). Лицензия энчилүү болуп саналат, ээликтен ажыратылбайт, үчүнчү жактарга өткөрүлүп берилбейт жана колдонуу мөөнөтү чектелген (режим колдонулган мезгилге).
- **Техникалык тапшырма** – лицензиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналган, уруксат берилген операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү, чектөөлөрдү, жөнгө салуучу талаптарды жана ийгилик критерийлерине жетишүүнү көрсөткөн атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык

активдер менен операциялардын чектелген тизмесин жүргүзүү укугуна лицензияга тиркеме (ушул Жобонун 6-тиркемеси).

Тестирлөөнү өткөрүүнүн жүрүшүндө техникалык тапшырманын мазмуну өзгөрүлгүс болууга тийиш.

Атайын жөнгө салуу режимин узартуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда белгиленген чектөөлөрдү кеңейтүүгө/алып салууга жол берилбейт.

## 3-глава. Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү инновациялуулуктун критерийлери

7. Бул Жобонун максаттары үчүн виртуалдык активдер менен инновациялык операция/кызмат көрсөтүү катары төрт категорияга бөлүнгөн инновациялуулуктун төмөнкү критерийлеринин бирине же бир нечесине жооп берген операция/кызмат көрсөтүү таанылат.

**1-критерий** – Технологиялык инновациялар. Технологиялык инновацияларга төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын рыногунда виртуалдык активдер менен иш жүргүзүүдө мурда пайдаланылбаган бөлүштүрүлгөн реестрдин (блокчейндин) жаңы протоколун колдонуу;

- жаңы муундагы смарконт-контракттарды, экинчи деңгээлдеги протоколдорду (Layer 2), нөлдүк ачыкка чыгаруу далилдеринин негизинде чечимдерди, тармактар аралык өз ара аракеттенүү механизмдерин (көпүрөлөрдү) же Кыргыз Республикасында мурда колдонулбаган ушул сыяктуу технологияларды колдонуу;

- виртуалдык активдер менен операцияларда операциялык тобокелдикти жана кибер коопсуздук тобокелдигин азайтуучу жаңы консенсус алгоритмдерин же коопсуздукту камсыз кылуу механизмдерин иштеп чыгуу жана колдонуу;

- Кыргыз Республикасында аналогу жок болгон AML/CFT/KYC/KYT талаптарын түздөн-түз протокол деңгээлинде автоматташтырылган түрдө сактоо үчүн технологиялык чечимдерди ишке ашыруу.

**2-критерий** – Продукциянын инновациясы. Продукциянын инновациясына төмөнкүлөр кирет:

- “Виртуалдык активдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинде белгиленген лицензиялануучу кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинде түздөн-түз каралбаган, же колдонуудагы ченемдик укуктук актылар менен жүзөгө ашырылышы чектелген виртуалдык активдер менен кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүн көрсөтүү;

- Кыргыз Республикасында укуктук жөнгө салуу жок болгон учурда борбордон ажыратылган финансылоо кызматтарын көрсөтүү — борбордон ажыратылган алмаштыруу протоколдорун, ликвиддүүлүк пулдарын жана виртуалдык активдер менен камсыздалган насыя протоколдорун;

- интеллектуалдык менчик объектилерине, санариптик искусство объектилерине же жарандык укуктардын башка объектилерине укуктарды күбөлөндүрүү жана өткөрүп берүү механизмдерин тестирлөө максатында бир бири менен алмаштырылбай турган токендерди (NFT) чыгаруу жана жүгүртүү;

- реалдуу активдер менен камсыз кылынган токендерди чыгаруу жана жүгүртүү (Real World Assets, RWA) — Кыргыз Республикасында аларды жөнгө салуунун белгиленген тартиби жок болгон учурда кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө, товарларга, финансылык инструменттерге жана башка реалдуу активдерге укуктарды токенизациялоо;

- коммерциялык иш-аракеттерде товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм катары виртуалдык активдерди кабыл алуу үчүн крипто-эквайринг инфратүзүмүн тестирлөө.

**3-критерий** – Жөнгө салуучу инновациялар. Жөнгө салуучу инновацияларга төмөнкүлөр кирет:

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тике тыюу салуу камтылбаган, бирок аларды жүзөгө ашыруунун “укуктук боштукту” жөнгө салуучу ченемдик-укуктук база жок виртуалдык активдер менен операциялар;

- белгиленген тартип жок болгон учурда виртуалдык активдерди зайым келишимдери, күрөө жана башка келишимдер боюнча камсыздоо катары пайдалануу;

-Кыргыз Республикасында аларды таануу үчүн укуктук база жок болсо, жарандык-укуктук бүтүмдөрдү, анын ичинде шарттуу бүтүмдөрдү автоматтык түрдө аткаруу үчүн смарт-контракттарды колдонуу;

- тиешелүү жөнгө салуу жок болгон учурда мурастоо жана башка универсалдуу укук улантуу тартибинде виртуалдык активдерге укуктардын өтүү механизмдерин тестирлөө.

**4-критерий** – Инфратүзүмдүк инновациялар. Инфратүзүмдүк инновацияларга төмөнкүлөр кирет:

-блокчейн аналитика жана виртуалдык активдер менен операцияларды мониторинг жүргүзүү куралдарын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- виртуалдык активдер менен транзакциялар жөнүндө маалыматтарды ыйгарым укуктуу органга айкын убакыт ыргагында автоматтык түрдө берүү үчүн технологиялык чечимдерди тестирлөө;

- ФАТФ (FATF) стандарттарына ылайык трансчекаралык которууларда виртуалдык активдерди («Travel Rule») которууларды коштоо жөнүндө талаптарды автоматтык түрдө аткаруу системаларын тестирлөө.

**8. Төмөнкүлөр атайын жөнгө салуучу режимге киргизүү максаттары үчүн инновациялык деп таанылбайт:**

- стандарттык тартипте колдонулуп жаткан ВАУАнын лицензиясынын негизинде, продуктунун аталышына же колдонулган технологияларга

карабастан, рыноктун башка катышуучулары тарабынан ишке ашырылган виртуалдык активдер менен операциялар/кызмат көрсөтүүлөр;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары алар үчүн түздөн-түз тыюу салууну белгилеген операциялар;

- аяктаган атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында мурда тестирлөөдөн өткөн операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү олуттуу технологиялык же продукттук айырмаларсыз кайталап чыгаруу;

- минималдуу капиталга, лицензиялоого карата талаптарды айланып өтүүгө же кирешелерди легализациялоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү талаптарды сактоого багытталган операциялар (AML/CFT);

- айрым катышуучуларга атайын атайын жөнгө салуу режимине катышуунун кыйла пайдалуу шарттарын түзгөн негизсиз преференцияларды берүүгө жол берилбейт.

- анонимдүүлүктүн жогорулашын камсыз кылган технологияларга негизделген виртуалдык активдер менен операциялар, эгерде алардын бирден бир максаты транзакция тарабы тууралуу маалыматты жашыруу болуп саналса.

9. Операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул главада белгиленген инновациялуулук критерийлерине ылайык келиши арыз ээси тарабынан өтүнмөнүн курамында (3-тиркеме) толук негиздемеси менен тастыкталат. ВАУА өтүнмөнү карап чыгууда инновациялуулукту баалоо үчүн көз карандысыз эксперттерди тартууга, ошондой эле кошумча маалыматтарды сурап алууга укуктуу.

10. Виртуалдык активдер чөйрөсүндө сунушталган инновациялык технологияларды/чечимдерди апробациялоо (тестирлөө) үчүн көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык келиши атайын жөнгө салуу режимин түзүү үчүн негиз болуп саналат. Мында атайын жөнгө салуучу режимдин алкагында жөнгө салуучу жеңилдиктер ВАУАнын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына карата гана берилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана кодекстеринин ченемдерине жайылтылбайт; 3-категорияга киргизилген операциялар (жөнгө салуучу инновациялар) колдонуудагы мыйзамдардын алкагында тестирленет, ал эми тестирлөөнүн натыйжалары аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо үчүн колдонулат.

11. Виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдү жүргүзүү үчүн атайын жөнгө салуу режимине катышуу үчүн ВАУАга арыз берген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары - Улуттук банк) тарабынан көзөмөлдөнгөн уюмдар үчүн арыз ээси Улуттук банк менен катышуу шарттарын макулдашып, жазуу жүзүндө макулдук бериши керек. Жазуу жүзүндө макулдук болбогон учурда, ВАУА арызды кароодон баш тартат.

12. Атайын жөнгө салуу режимин түзүү ыктыярдуулук, ачык-айкындуулук, теңдик, отчеттуулук жана атайын жөнгө салуу режиминин

бардык катышуучулары үчүн чектөөлөрдү киргизүү принциптеринин негизинде, ошондой эле FATF эл аралык стандарттарынын сунуштарын, IOSCO принциптерин жана виртуалдык активдерди жөнгө салуу боюнча эң мыкты тажрыйбаларды эске алуу менен жүргүзүлөт. Атайын жөнгө салуу режимин ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөндөй, ВАУАнын негизги максатына, ишине же иштөө принциптерине таасир этпейт.

13. Тобокелдиктерди башкаруу ыкмалары катышуучунун ишмердүүлүгүнүн масштабына жана атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөөгө байланыштуу тобокелдиктерге ылайык келүүгө тийиш. Виртуалдык активдер менен байланышкан тобокелдиктерди башкаруу (рыноктук тобокелдик, ликвиддүүлүк тобокелдиги, операциялык тобокелдик, киберкоопсуздук тобокелдиги, юридикалык тобокелдик, комплаенс тобокелдиги, анын ичинде санкциялык тобокелдиктер жана кылмыштуу ишмердүүлүктү каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктери) катышуучу тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ВАУАнын белгиленген талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

14. Эгерде ВАУАнын коллегиалдуу чечими менен башкача белгиленбесе, Арыз ээси жана Кошо арыз берүүчү (бар болсо) атайын жөнгө салуу режиминин шарттарын сактоо үчүн жоопкерчиликти чогуу тартышат.

## 4-глава. Атайын жөнгө салуучу режимдин алкагында арыз ээлерине коюлуучу талаптар

15. Атайын жөнгө салуу режимине кирүү үчүн арыз ээси болуп Кыргыз Республикасынын резиденти – юридикалык жак чыгат, ошондой эле ушул Жобонун 16–19-пункттарында каралган учурларда Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк чечимдерди апробациялоо жана деталдуу изилдөө жана колдонуу максатында Кыргыз Республикасынын резиденти эместин өтүнмөсүн кароого жол берилет, ал төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

- билдирме берген күнгө карата кылмыштуу кирешелерди легализациялоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузуулардын жоктугу;
- билдирме берген күнгө карата тестирлөөдөн өтүп жаткан операцияга жана виртуалдык активдер менен кызмат көрсөтүүгө байланыштуу ыйгарым укуктуу органдын аткарылбаган жазма буйруктарынын жоктугу;
- Арыз ээси жоюу, банкроттук процессинде же атайын жөнгө салуу режиминде болбошу керек;
- Арыз ээсине (Кошо арыз берүүчү) же анын жетекчисине же уюштуруучусуна (акционерге, катышуучуга) карата соттун чечими боюнча же

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштин ушул түрүн жүргүзүүгө тыюу салуунун жоктугу;

- атайын жөнгө салуу режимине катышуу үчүн зарыл болгон кесиптик, техникалык компетенттүүлүктүн жана кадыр-барктын, жабдуулардын жана башка материалдык мүмкүнчүлүктөрдүн болушу;

- жетекчиде, башка кызмат адамдарында жана Арыз ээсинин (Кошо арыз берүүчү) бенефициардык ээлеринде ишкердик абройунун болушу, аларда экономика чөйрөсүндөгү кылмыштар жана коррупциялык кылмыштар үчүн алынбаган же жабылбаган соттуулугунун жоктугу, ошондой эле аларга карата терроризмди каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) катыштыгы бар экендиги жөнүндө маалыматтардын жоктугу;

16. Чет өлкөлүк юридикалык жактар (Кыргыз Республикасынын резидент эместери) виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуу режимине төмөнкү форматтардын биринде катышууга укуктуу:

- Арыз ээси катары-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын аймагында туунду юридикалык жакты каттоо же филиал ачуу жолу менен;

- Кошо арыз берүүчү катары кызматташуу жөнүндө макулдашуунун негизинде арыз ээси – Кыргыз Республикасынын резиденти менен бирге катышуу жолу менен. Атайын жөнгө салуу режиминин талаптарын сактоо үчүн жоопкерчиликти ушул Жобонун 14-пунктуна ылайык арыз ээси жана кошо арыз берүүчү чогуу тартат.

17. Кыргыз Республикасынын аймагында катталган юридикалык жак (филиал) аркылуу Арыз ээси катары чыгып жаткан резидент эмес Билдирменин курамында төмөнкүлөрдү кошумча берүүгө милдеттүү:

- резидент эместин башкы уюму жөнүндө маалыматтар: толук аталышы, катталган юрисдикциясы, жөнгө салуучу статусу (катталган өлкөнүн виртуалдык активдер же финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органынын лицензиясынын болушу);

- Башкы уюмдун катталган өлкөнүн ыйгарым укуктуу жөнгө салуучу органы тарабынан берилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана/же расмий тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен учурдагы лицензиясынын (уруксатынын) көчүрмөсү;

- белгиленген тартипте апостилдештирилген же легалдаштырылган менчик түзүмүн тастыктаган документтер (UBO — 10% дан ашык үлүшү бар акыркы бенефициардык ээлер);

- башкы уюмга жана анын бенефициардык ээлерине карата ФАТФтын, БУУнун, ЕБнын, АКШнын колдонуудагы санкцияларынын же башка эл аралык санкциялардын жоктугу жөнүндө маалымат;

- башкы уюмдун акыркы отчеттук жылдагы финансылык абалы жөнүндө аккредиттелген аудитордук компания тарабынан берилген аудитордук корутундуну;

- өнөктөш-юрисдикциянын жөнгө салуу органынын стандарттарына ылайык иштелип чыккан, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген шартта, саламаттык AML/CFT саясатын кабыл алуу.

18. Атайын жөнгө салуу режиминин резидент эмес — катышуучуларына карата ушул Жобонун бардык талаптары, эгерде ушул главада башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын резиденттери менен бирдей колдонулат. Резидент эместер ушул Жобонун талаптарын сактабоо үчүн негиз катары өзүнүн катталган өлкөсүнүн мыйзамдарынын талаптарына таянууга укуксуз. Кыргыз Республикасынын аймагында катталган, ал аркылуу резидент эмес атайын жөнгө салуу режимине катышкан юридикалык жак (туунду юридикалык жак же филиал) ушул Жобонун талаптарынын толук көлөмдө сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат, ал эми резидент эместин башкы уюму субсидиардык жоопкерчилик тартат. Резидент эмес атайын жөнгө салуу режимине катышууга натыйжалуу көзөмөлдү жүзөгө ашыруу жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган шартта гана жол берилет; мындай көзөмөлдү камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурда ВАУА атайын жөнгө салуу режимин түзүүдөн баш тартат.

19. Эгерде резидент эместин башкы уюму ФАТФнын тизмегине кирешелерди адалдоо же терроризмди каржылоо тобокелдиги жогору юрисдикция катары киргизилген, же ага карата БУУнун санкциялары же башка эл аралык санкциялар колдонулган юрисдикцияда катталган болсо, мындай резидент эместин атайын жөнгө салуу режимине катышуусуна жол берилбейт. Эгерде анын уюштуруучуларынын (акционерлеринин, катышуучуларынын), бенефициардык ээлеринин же аффилирленген жактарынын курамында ФАТФтын тизмесине жогорку тобокелдүү юрисдикция катары киргизилген юрисдикцияларда же болбосо тизмеси ВАУА тарабынан аныкталган офшордук зоналарда катталган, туруктуу жашаган же иш жүргүзгөн жактар болсо, резидент эместин атайын жөнгө салуу режимине катышуусуна жол берилбейт.

20. ВАУА виртуалдык активдер чөйрөсүндө чет мамлекеттердин жөнгө салуучу органдары менен өз ара таануу жана кызматташуу жөнүндө макулдашууларды түзүүгө укуктуу. Түзүлгөн макулдашуулар тууралуу маалыматтар ВАУАнын расмий интернет-сайтында жарыяланат.

## 5-глава. Атайын жөнгө салуучу режимине катышуу үчүн документтердин тизмеси

21. Атайын жөнгө салуу режимин түзүү жөнүндө билдирме (мындан ары – Билдирме) арыз ээси жана кошо арыз берүүчү (бар болсо) тарабынан төмөнкү документтерди тиркөө менен ВАУАга берилет:

- ушул Жобонун 1-тиркемесинин формасы боюнча Арыз ээсинин бланкында таризделген, атайын жөнгө салуу режимин түзүү жөнүндө өтүнүч кат менен, тиркелген документтердин тизимин камтыган, жетекчинин колу коюлган жана Арыз ээсинин жана Кошо арыз берүүчү (бар болсо) мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн арыз;
- ушул Жобонун 2-тиркемесинин формасы боюнча Арыз ээси жана Кошо арыз берүүчү (бар болсо) жөнүндө маалымат жана Кошо арыз берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу;
- Арыз ээсинин (Кошо арыз берүүчүнүн) аткаруу органы жөнүндө маалымат: жетекчинин фамилияларын, аттарын, атасынын аттарын жана кызматтарын көрсөтүү менен аткаруу органынын курамы, ошондой эле алардын ыйгарым укуктарын ырастоочу документтер жана ишкердик бедели жөнүндө маалыматтар(экономика чөйрөсүндөгү кылмыштар жана коррупциялык кылмыштар үчүн алып салынбаган же жабылбаган соттуулугунун жоктугу);
- эгерде Арыз ээси (Кошо арыз берүүчү) ВАУАнын көзөмөлүндөгү адам болуп эсептелбесе, атайын жөнгө салуу режиминин алкагында жер-жерлерде пландуу жана пландан тышкаркы инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүгө Арыз ээсинин жана Кошо арыз берүүчүнүн (бар болсо) жазуу жүзүндөгү макулдугу;
- тестирлөө Арыз ээси тарабынан сунушталган, ушул Жобонун 3-тиркемесинин формасы боюнча виртуалдык активдер менен операциялар/кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат;
- ушул Жобонун 6-тиркемесинин формасы боюнча Арыз ээси (Кошо арыз берүүчү) тарабынан иштелип чыккан, толтурулган жана кол коюлган техникалык тапшырманын долбоору;
- виртуалдык активдер менен сунушталган апробациялануучу операцияларга/кызмат көрсөтүүлөргө карата атайын жөнгө салуу режимин түзүү зарылдыгын баалоо үчүн кеңири маалымат;
- Жарыяланган уставдык капиталдын суммасын көрсөтүү менен Кошоарыз берүүчүнүн уюштуруу документтеринин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү же электрондук формалары (бар болсо) ;
- акыркы отчеттук финансылык жыл үчүн Арыз ээсинин тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик/финансылык отчету;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өлчөмдө лицензия үчүн мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ атайын жөнгө салуу режими жактырылганда жана лицензия берилгенде төлөнөт;

- лицензия алууга ишеним каттын түп нускасы;

- виртуалдык активдер менен сунушталган операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүүдөн күтүлгөн натыйжалардын болжолдуу экономикалык эсептөөлөрү;

-долбоордун көлөмдөрү (жүгүртүүлөрү), мөөнөттөрү, этаптары, ресурстары жана болжолдуу финансылык көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматтарды, максаттарды, милдеттерди камтыган, апробацияланууучу долбоордун бизнес-планы;

- виртуалдык активдер менен апробацияланууучу операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн Кыргыз Республикасынын экономикасына, анын ичинде финансы секторун өнүктүрүүгө жана бюджетке түшүүлөрдүн көлөмүнө күтүлгөн таасирин экономикалык талдоо (негиздөө);

- сунушталган операцияны/кызмат көрсөтүүнү жалпы тартипте жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын конкреттүү ченемдерин көрсөтүү менен укуктук талдоо (укуктук боштук же белгиленген чектөө);

- виртуалдык активдер менен текшерилүүчү операцияга/кызматка ыңгайлашкан AML/CFT (КИК/ККЛК) жана KYC саясаты;

- кибер коопсуздук жана маалыматтарды коргоо саясаты;

- апробациялоо үчүн платформанын техникалык сүрөттөлүшү;

- апробациялоонун алкагында көрсөтүлүүчү кызматтардын/виртуалдык активдердин технологиясынын иштөө эрежелери.

Уюштуруу документтерин жана бухгалтердик/финансылык отчеттуулукту берүү жөнүндө талап Кошо арыз берүүчү катары (бар болсо) иш алып барган ВАУАнын көзөмөлүндөгү адамдарга жайылтылбайт.

22. Билдирменин курамында берилген бардык документтер тигилип, номерленип, ыйгарым укуктуу адамдын колу жана Арыз ээсинин (Кошо арыз берүүчү - эгер бар болсо) мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө жана ар бир документтин аталышын жана барактарынын санын көрсөтүү менен тизим менен коштолууга тийиш.

23. Виртуалдык активдер менен операциялар/кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат (3-тиркеме) продуктунун инновациялуулугун негиздөө менен болжолдонуп жаткан операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мазмунун жана маңызын кыскача ачып көрсөтүүгө тийиш. Мында толук баяндоо эркин формада, анын ичинде графикалык жана схемалык формаларда кошумча тиркелиши керек.

24. Өтүнмөнү кароо ыйгарым укуктуу орган тарабынан ушул Жобонун 20 21-пунктунда көрсөтүлгөн документтердин толук топтомун алган учурдан тартып 30 (отуз) жумуш күндүн ичинде жүзөгө ашырылат.

Эгерде ушул Жободо башкача каралбаса, документтерди кароо мөөнөтүнө Арыз ээсинин (Кошо арыз берүүчүнүн) документтерди толуктап иштеп чыгууга сарптаган убактысы кирбейт.

Мында ВАУАга документтин түп нускасы жана/же анын тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү берилүүгө тийиш. Чет тилде берилген документтер мамлекеттик жана/же расмий тилдерде апостилдештирилүүгө жана нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Эгерде ВАУА алган документтер коюлган талаптарга жооп бербесе жана / же кароо жана чечим кабыл алуу үчүн жетиштүү маалыматтарды камтыбаса, документтерди кароо мөөнөтүн эсептөө коюлган талаптарды канааттандырган документтер ВАУА тарабынан кайрадан алынган күндөн тартып башталат.

25. Эгерде Билдирмени карап чыгуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Арыз ээсине (Кошо арыз берүүчүгө) кызмат көрсөтүүгө тоскоол болбой тургандыгы белгиленсе же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында лицензиялоонун ченемдери каралса, Арыз ээсине (Кошо арыз берүүчүгө) тиешелүү түшүндүрмө жиберилет.

26. Билдирмени карап чыгууда ВАУА 15 (он беш) жумуш күндөн ашпаган мөөнөттү белгилөө менен маалыматтын толуктугун жана тууралыгын камсыз кылуу үчүн Арыз ээсинен (Кошо арыз берүүчүдөн) кошумча маалыматты сурай алат.

27. Эгерде билдирмени карап чыгуунун жыйынтыгында Арыз ээсинин (Кошо арыз берүүчүнүн) ушул Жободо белгиленген талаптарга жооп бербегендиги же төмөнкүлөр аныкталса, ВАУА жамааттык чечим менен атайын жөнгө салуу режимин түзүүдөн баш тартат, анын себептерин көрсөткөн жүйөлүү кат Арыз ээсине (Кошо арыз берүүчүгө) чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде жөнөтүлөт.

- виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын жана/же кызыкчылыктарын бузуу жагындагы олуттуу тобокелдиктер;

- олуттуу операциялык тобокелдиктер, кылмыш ишин каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоо (адалдоо) менен байланышкан тобокелдиктер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана колдонулуучу эл аралык санкциялардын талаптарын бузуу тобокелдиктери;

- берилген документтерде такталбаган маалыматтардын болушу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилген же колдонулган виртуалдык активдер менен окшош иш-аракеттердин болушу;

- тестирлөө үчүн сунушталган виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүнү ушул Жобонун 3-главасында көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербейт деп таануу;

- Виртуалдык активдер менен окшош операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирөө үчүн атайын жөнгө салуу режими киргизилген жана башталган күндөн бери алты (6) айдан ашык убакыт өткөн болсо;

- ушул Жобонун талаптарына ылайык келбеген же толук эмес көлөмдө 3 (үч) жолудан ашык же белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен документтер берилгенде;

Атайын жөнгө салуу режимин түзүүдөн баш тартуу жөнүндө кат алган Арыз ээсинин окшош маселе боюнча расмий баш тартуу күнүнөн тартып 6 (алты) айдын ичинде кайталанып берилген арызы каралбайт.

28. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында башка субъект(тер) тарабынан берилген виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөө үчүн атайын жөнгө салуу режимин киргизүү боюнча билдирмелер төмөнкү маалыматты кошумча көрсөтүү менен кабыл алынат:

а) окшош операцияларды/кызмат көрсөтүүнү сыноочу атайын жөнгө салуу режимдерине салыштырмалуу тестирлөө үчүн сунушталган операцияны/кызмат көрсөтүүлөрдү комплекстүү баалоо (SWOT-анализ). Компоненттерди минималдуу ачып берүү талап кылынат:
S (Strengths) — күчтүү жактары: параллелдүү тестирлөөнүн артыкчылыктарын сүрөттөө менен;
W (Weaknesses) — алсыз жактары: параллелдүү тестирлөөнүн кыйынчылыктарын сүрөттөө менен;
O (Opportunities) — тышкы чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрү: виртуалдык активдер рыногуна инновациялык кызматтарды киргизүүнүн натыйжасын сүрөттөө менен;
T (Threats) — тышкы чөйрөнүн коркунучтары: параллелдүү тестирлөөнүн мүмкүн болгон тобокелдиктерин сүрөттөө менен;

б) виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызматтарды киргизүүгө көмөктөшө турган ВАУА ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү боюнча сунуштар.

## 6-глава. Атайын жөнгө салуу режимин түзүү

29. Атайын жөнгө салуу режимин түзүү жана анын катышуучуларын тандоо жөнүндө чечим кабыл алууда ВАУА жалпысынан колдонулуучу төмөнкү тандоо критерийлерин жетекчиликке алат:

- **инновациялуулук** – сунушталган операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн виртуалдык активдер менен ушул Жобонун 3-главасында белгиленген инновациялуулук критерийлеринин бирине ылайык келиши;

- **арыз ээсинин ылайык келиши** – арыз ээсинин (кошо арыз берүүчүнүн) ушул Жобонун 4-главасында белгиленген талаптарга ылайык келиши;

- **тестирлөөгө даярдык** – минималдуу жашоого жөндөмдүү продукт стадиясында реалдуу рынок шарттарында апробациялоого операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн даярдыгы;

- **пайдалуулук** – керектөөчүлөр, виртуалдык активдер рыногу жана (же) Кыргыз Республикасында инновациялык технологияларды өнүктүрүү үчүн инновациялык операциянын/кызмат көрсөтүүнүн потенциалдуу пайдасынын болушу;

- **тобокелдиктерди башкаруу** – тестирлөөнүн тобокелдиктеринин күтүлүүчү натыйжаларга шайкеш келиши жана Арыз ээсинде (Кошо арыз берүүчүдө) мындай тобокелдиктерди башкаруу жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо үчүн жетиштүү чаралардын болушу;

- **натыйжалардын өлчөнө тургандыгы** – тестирлөөнүн жыйынтыктарына объективдүү баа берүүгө мүмкүндүк берүүчү тестирлөөнүн ийгилигинин так сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн болушу;

- **баш тартуу үчүн негиздердин жоктугу** – Арыз ээсине (Кошо арыз берүүчүгө) жана сунушталган операцияга/кызматка карата ушул Жобонун 27-пунктунда каралган атайын жөнгө салуу режимин түзүүдөн баш тартуу үчүн негиздердин жоктугу.

30. ВАУА Билдирмеге киргизилген документтердин негизинде коллегиалдуу чечим кабыл алуу менен төмөнкү чечимдерди кабыл алат:

- сунушталуучу операциянын/кызмат көрсөтүүнүн инновациялуулук критерийлерин көрсөтүү менен атайын жөнгө салуу режимин түзүү же түзүүдөн баш тартуу жөнүндө;

- атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операциялардын чектелген тизмесин жүргүзүү укугуна лицензия берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө;

- атайын жөнгө салуу режиминин чектөөлөрүн аныктоо жөнүндө;

- болжолдонгон тестирлөөнүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн негизинде ийгиликти баалоонун критерийлерин бекитүү жөнүндө;

- кызмат көрсөтүү шарттары жана/же катышуучуларды тестирлөө учурунда ВАУАнын ченемдик укуктук актыларынын айрым талаптарын аткаруудан толук/жарым-жартылай бошотуу жөнүндө (толугу менен колдонулган AML/CFT, KYC, киберкоопсуздук жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо талаптарынан тышкары);

- атайын жөнгө салуу режиминин аракетин токтотуу шарттарын белгилөө жөнүндө;

- атайын жөнгө салуу режиминин мөөнөтүн узартуу жөнүндө;

- тестирлөө үчүн виртуалдык активдер менен сунушталган операциянын/кызмат көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусуна кошумча талаптарды белгилөө жөнүндө;

- тестирлөөдөн ийгиликтүү өткөндө – Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин лицензиянын мөөнөтүн узартуу жөнүндө;

- атайын жөнгө салуу режиминин алкагында тестирлөөнү ийгиликтүү же ийгиликсиз деп таануу жөнүндө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, техникалык тапшырманын талаптарын бузуулар жана/же тестирлөө процессинде өзгөчө кырдаал/инцидент пайда болгондугу аныкталган учурда атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операцияларды жүзөгө ашырууга лицензияны токтото туруу же кайтарып алуу жөнүндө. Атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу лицензияны кайтарып алган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде лицензияны тапшырууга жана 30 (отуз) жумуш күндүн ичинде кардарлар менен операцияларды аяктоого милдеттүү.

31. ВАУАнын коллегиалдуу чечими атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо/колдонуу өзгөчөлүгүн эске алуу менен башка жоболорду да камтышы мүмкүн.

32. Ушул Жобонун 27-пунктунда каралган чечимдер ВАУАнын коллегиалдуу чечими түрүндө кабыл алынат жана ВАУА тарабынан чечимдер кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Арыз ээсине жана Кошо арыз берүүчүгө (эгер бар болсо) жазуу жүзүндө билдирилет.

33. Атайын жөнгө салуу режимине катышууга Лицензия Арыз ээсине аны берүү жөнүндө коллегиалдуу чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде берилет. Лицензия берүү жана түзүлгөн атайын жөнгө салуу режими жөнүндө маалымат ВАУАнын расмий интернет-сайтында жайгаштырылат.

## 7-глава. Техникалык тапшырманын алкагында атайын жөнгө салуу режиминин шарттары

34. Атайын жөнгө салуу режиминин көзөмөлдөнүүчү чөйрөсүнүн чектөөлөрү (аймак боюнча, убакыт боюнча, операциялардын жана колдонуучулардын саны жана көлөмү боюнча) ушул Жободо каралган атайын жөнгө салуу режиминин түшүнүгүнө ылайык техникалык тапшырмада белгиленет. Көрсөтүлгөн чектөөлөрдөн тышкары, техникалык тапшырмада виртуалдык активдер менен операцияларга/кызмат көрсөтүүлөргө карата төмөнкүдөй чектөөлөр белгилениши мүмкүн:

- жол берилген виртуалдык активдердин тизмеси боюнча;

- анонимдүү операцияларды жүргүзүүгө тыюу салуу-виртуалдык активдер менен бардык операциялар персонификациялаштырылган;

- атайын уруксаты жок анонимдүү монеталар менен иштөөгө тыюу салуу;

- кошумча тобокелдиктердин негизинде ВАУАнын коллегиалдуу чечими менен аныкталган, виртуалдык активдер менен тестирлөөдөн өтүп жаткан операцияларга/кызмат көрсөтүүлөргө карата башка чектөөлөр.

35. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында, ВАУАнын коллегиялык чечими менен атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусунун төмөнкү милдеттенмелери белгилениши мүмкүн:

- виртуалдык активдер менен текшерилүүчү операцияларды/кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу кошумча отчеттуулук (ай сайын жана квартал сайын);

- жеринде мезгилдүү иликтөөлөрдүн, максаттуу иликтөөлөрдүн алкагында ВАУАнын өкүлдөрүнө уруксат берүү, ошондой эле виртуалдык активдер менен тестирленүүчү операцияларды/кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу маалыматтарды алуу үчүн катышуучунун маалыматтык системаларына жол берүү;

- виртуалдык активдер менен операция/кызмат көрсөтүү тесттик режимде аяктагандыгы жөнүндө жана лицензиянын аракети токтотулган учурдан тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде тесттик режимди токтотуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө керектөөчүлөргө билдирүү;

- виртуалдык активдер менен операциялар/кызмат көрсөтүүлөр боюнча бардык финансылык милдеттенмелердин ордун шартсыз толтуруу; кардарлардын активдери катышуучунун өздүк активдеринен өзүнчө сакталат;

- талаштарды чечүү механизмдерин иштеп чыгуу жана аларды керектөөчүлөргө жеткирүү;

- кардарлардын активдеринин 95% дан кем эмесин “муздак” капчыктарда сактоо;

- ВАУАга кибер коопсуздук инциденттери жөнүндө тез арада (24 сааттын ичинде) билдирүү;

- коммерциялык банктардын эсептеринде ликвиддүүлүктү камсыз кылуу;

- Катышуучунун татаал жана (же) олуттуу жүгүртүүлөр менен мүнөздөлгөн долбоорлорду апробациялоо (тестирлөө) учурунда ликвиддүү акча каражаттарынын минималдуу көлөмүн (ликвиддүүлүк буферин) кармап турuусу — ВАУАнын коллегиалдуу чечими менен аныкталган жана апробациялоо мөөнөтүнүн ичинде, тиешелүү ченемдик укуктук акты кабыл алынганга чейинки анын мүмкүн болгон узактыгын эске алуу менен, апробацияланып жаткан операциялардын жүгүртүүлөрүнө жана татаалдыгына жараша камсыздалган көлөмдө.

- апробацияланууч долбоорду ишке ашыруунун жүгүртүлүшүнө, татаалдыгына жана экономикалык максатка ылайыктуулугуна жараша ВАУА көзөмөлдөө коштоосу жана атайын жөнгө салуучу режимдин мониторинги үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген өлчөмдө жана тартипте ай сайын акы белгилөөгө укуктуу. Келип түшкөн каражаттар ВАУАнын атайын каражаттарынын эсебине чегерилет жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык атайын жөнгө салуу режимдерин уюштуруу жана коштоо жана көз карандысыз эксперттерди тартуу максатында пайдаланылат;

- виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо өзгөчөлүгүн эске алуу менен башка милдеттенмелер.

36. Атайын жөнгө салуу режимин ишке ашырууда Катышуучулар виртуалдык активдердин тобокелдиктерин башкаруу талаптарын, “өз кардарыңды бил” (KYC) саясатын, кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу/терроризмди каржылоо мыйзамдарын, купуялуулукту жана жеке маалыматтарды коргоону, керектөөчүлөрдү коргоону жана виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдүн коопсуздугун сактоого милдеттүү. Бул талаптар толук көлөмдө колдонулат жана жөнгө салуучу жеңилдиктерге дуушар болбойт.

37. Эгерде техникалык тапшырмага ылайык виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөө лицензия алган учурдан тартып 6 (алты) айдын ичинде башталбаган учурда, лицензиянын аракети токтотулат. Лицензиянын колдонулушун токтотуу жөнүндө эскертүү ВАУАга, атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусуна жөнөтүлөт.

38. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында ВАУА ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө пландык/пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу, анын ичинде ВАУАнын көзөмөлүндө болбогон, атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операцияларды жүзөгө ашырууга лицензия алган адамдарга да текшерүүлөр жүргүзүлөт. Эгерде катышуучунун бири резидент эмес болсо, анда ВАУА резидент эместин ишин жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу органга тиешелүү суроо-талап жөнөтүүгө укуктуу. Эгерде мындай катышуучуга карата натыйжалуу көзөмөл жана (же) инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү камсыз кылынбаса, ВАУА ушул Жободо каралган тартипте лицензиянын колдонулушун токтото турууга же токтотууга укуктуу.

39. Тестирлөөнүн узактыгы 12 (он эки) айды түзөт.

40. Лицензияда көрсөтүлгөн тестирлөө аяктаган датага чейин 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбестен атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу бул Жобонун 53-пунктуна ылайык отчетту тиркөө жана себептерин көрсөтүү менен тестирлөөнү узартуу жөнүндө ВАУАга жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрыла алат. Мындай арыз 15 (он беш) жумуш күндөн ашпаган мөөнөттө каралат.

41. Тестирлөөнүн мөөнөтү узартылган учурда ВАУА тестирлөөнүн жаңы аяктоо күнүн көрсөтүү менен кошумча коллегиалдуу чечим чыгарат. Узартуу жөнүндө кошумча чечим 1 (бир) жолудан ашык эмес жана 6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө кабыл алынышы мүмкүн. Лицензиянын мөөнөтүн узартууда ВАУА төмөнкү учурлардын биринде техникалык тапшырмага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу:

- инспектордук текшерүү процессинде аныкталган тобокелдиктер болгондо;

- кызмат көрсөтүүлөр боюнча комиссияларды жана тарифтерди рыноктон жогору белгилөөдө;

- катышуучунун үстөмдүк абалын кошо алганда, виртуалдык активдер рыногунда монополиялаштыруу белгилери болгон учурда;

- керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого жана тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган башка шарттарда.

42. ВАУАнын коллегиялык чечиминде көрсөтүлгөн тестирлөөнүн шарттары ушул Жобонун талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

## 8-глава. Лицензиянын колдонулушун токтото туруу жана токтотуу

43. Атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу тестирлөөнү лицензияда көрсөтүлгөн күндөн баштап баштоого укуктуу. Катышуучу тестирлөөдөн лицензияда көрсөтүлгөн башталыш датасына чейин тестирлөө башталганга чейин 5 (беш) жумуш күндөн кечиктирбестен тиешелүү арызды ВАУАга жөнөтүү менен баш тартууга укуктуу.

Тестирлөө башталганга чейин баш тартуу жөнүндө арыз төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- лицензиянын реквизиттери (номери, берилген күнү), тестирлөө башталган күн жөнүндө маалыматтар;

-себептерин көрсөтүү менен (техникалык даяр эместик, операциялык тобокелдиктер, маалыматтык коопсуздук тобокелдиктери, комплаенс-тобокелдиктер, рыноктук максатка ылайыксыздык, башка) ырастоочу документтерди тиркөө менен жүйөлүү негиздеме (бар болсо);

- атайын жөнгө салуу режиминин алкагында керектөөчүлөр менен операциялардын жоктугун тастыктоо;

- тестирлөөдөн өтүп жаткан операциянын/кызмат көрсөтүүнүн алкагында үчүнчү жактардын алдында лицензияны тапшырууга даярдыгын жана финансылык милдеттенмелердин жоктугун тастыктоо;

- Катышуучунун жооптуу адамынын байланыш маалыматтары.

ВАУА арызды кароонун жыйынтыгы боюнча ушул Жободо белгиленген тартипте коллегиалдуу чечим кабыл алат жана катышуучуга билдирүү жөнөтөт.

Арыз канааттандырылган учурда лицензиянын колдонулушу токтотулат, катышуучуга карата ушул Жобонун 48-пунктунун жоболору колдонулат.

44. Катышуучу төмөнкү негиздердин бири же бир нечеси болгон учурда ВАУАга жүйөлүү арыз боюнча тестирлөөдөн мөөнөтүнөн мурда баш тартууга укуктуу:

- керектөөчүлөрдүн укуктарын жана (же) кызыкчылыктарын бузуунун олуттуу тобокелдиктерин аныктоо, анын ичинде техникалык тапшырмада белгиленген инциденттердин/даттануулардын көрсөткүчтөрүнүн чегинен ашып кетүү;

- виртуалдык активдер менен операцияларды жүргүзүүнүн коопсуздугуна коркунуч туудурган, аларды ылайыктуу мөөнөттө четтетүү мүмкүн болбогон учурда, маалыматтык коопсуздуктун орчундуу жагдайларын жана (же) инциденттерин аныктоо;

- КИК/ККЛК жана купуялуулукка санкциялык чектөөлөр жана жеке маалыматтарды коргоо, керектөөчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндөгү талаптарды сактоонун мүмкүн эместиги;

- виртуалдык активдер менен кызмат көрсөтүү үчүн өтө зарыл болгон негизги контрагенттер жана (же) инфратүзүмдүк провайдерлер менен келишимдердин колдонулушун токтотуу (бузуу) ;

- экиден кем эмес отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча техникалык тапшырмада каралган негизги сандык жана сапаттык көрсөткүчтөргө жетишүү мүмкүн эместиги;

- тестирлөөнү улантуунун экономикалык жактан максатка ылайыксыздыгы;

- тестирлөөнү коопсуз жана ак ниет улантууга тоскоол болгон башка ал жеткис мүнөздөгү жагдайлар.

45. Тестирлөө мезгилинде мөөнөтүнөн мурда баш тартуу жөнүндө эскертүү тестирлөөнү токтотуунун болжолдуу датасына чейин 10 (он) жумуш күндөн кечиктирилбестен берилет. Керектөөчүлөрдүн укуктарына жана (же) кызыкчылыктарына зыян келтирүү, Катышуучунун финансылык туруктуулугуна коркунуч келтирүү коркунучу болгон учурда, ошондой эле маалыматтык коопсуздуктун орчундуу инциденттери учурунда арыз Катышуучу тарабынан виртуалдык активдер менен операцияларды токтотуу жана кардарларды коргоо боюнча чаралар киргизилген учурда дароо берилет.

Эскертүүдө төмөнкүлөр камтылышы керек:

- лицензиянын реквизиттери жана тестирлөөнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө ВАУАнын коллегиалдуу чечими (бар болсо) ;

- тиешелүү материалдарды тиркөө менен тестирлөөдөн баш тартууну негиздөө;

- арыз берилген күнгө карата тестирлөөнүн масштабы жөнүндө маалымат (кардарлардын саны, виртуалдык активдер менен операциялардын саны жана көлөмү, бүткөрүлбөгөн операциялар/билдирмелер, калдыктар жана милдеттенмелер);

- керектөөчүлөрдү маалымдоо, активдерди (виртуалдык жана фиат каражаттарын) кайтаруу, талаш-тартыштарды жөнгө салуу, келишимдерди жабуу/бузуу, тынымсыз байланыш жүргүзүү, кардарлардын маалыматтарын архивдөө жана коргоо, КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү талаптарды аткаруу жана эсепке алуу журналдарын сактоо мөөнөттөрүн жана тартибин көрсөтүү менен мөөнөтүнөн мурда токтотуу планы;

- керектөөчүлөр үчүн тобокелдиктерди азайтуу жана Катышуучунун финансылык туруктуулугу боюнча ишке ашырылган/пландалып жаткан чаралар жөнүндө маалыматтар;

- Катышуучунун жооптуу адамынын байланыш маалыматтары.

46. ВАУА тестирлөөдөн баш тартуу жөнүндө арызды карап чыгат жана зарыл болсо, кошумча маалымат сурайт. ВАУА кароонун жыйынтыгы боюнча тестирлөөнү мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана лицензияны кайтарып алуу жөнүндө коллегиалдуу чечим кабыл алат, ошондой эле зарыл болгон учурда керектөөчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого жана тобокелдиктерди азайтууга багытталган мөөнөтүнөн мурда токтотуунун шарттарын белгилейт (анын ичинде маалымдоо мөөнөттөрү, эсептешүүлөрдү аяктоо жана активдерди кайтаруу тартиби, отчеттуулукка кошумча талаптар). Катышуучуга тиешелүү эскертүү жөнөтүлөт.

47. Катышуучунун демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда баш тартылган учурда ушул Жобонун 53, 58 жана 59-пункттарынын жоболору колдонулат. Катышуучу ВАУАнын коллегиалдуу чечиминде белгиленген мөөнөттө виртуалдык активдер менен операцияларды жана керектөөчүлөрдүн жана үчүнчү жактардын алдындагы милдеттенмелерди аткарууну аяктайт, керектөөчүлөргө маалымат берет, лицензия тапшырат жана тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча көрүлгөн чараларды жана себептерин көрсөтүү менен мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө жыйынтыктоочу отчет берет.

48. Ушул Жободо жана техникалык тапшырмада каралган милдеттенмелерди ак ниеттүү аткарууда, керектөөчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча чаралардын жетиштүүлүгүн жана эреже бузуулардын жоктугун таанууда Катышуучунун демилгеси боюнча тестирлөөнү мөөнөтүнөн мурда токтотуу ушул Жобонун 57-пунктуна ылайык тестирлөөнү ийгиликсиз деп таанууга алып келбейт.

49. Катышуучу тарабынан виртуалдык активдер менен операцияларды көрсөтүү/кызмат көрсөтүү жана/же атайын жөнгө салуу режиминин шарттарында каралган технологияларды сунуштоо шарттары сакталбагандыгы аныкталган

учурда, ВАУА атайын регулятивдик режимге катышуу лицензиясынын колдонулушун токтото турууга укуктуу.

50. Ушул Жобонун 49-пунктунда каралган учурда ВАУА атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусуна мыйзам бузуулар белгиленген мөөнөттө четтетилгенге чейин лицензиянын колдонулушун токтото туруу жөнүндө тиешелүү эскертүү жөнөтөт.

51. ВАУА төмөнкү учурларда атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусуна тестирлөөнү токтотуу жөнүндө чечим жөнөтөт жана токтотуунун себептерин көрсөтүү менен лицензияны чакыртып алат:

- атайын жөнгө салуу режиминин алкагында билдирмеде көрсөтүлгөн маалыматтарды берүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу жана/же маалыматтардын анык эместиги боюнча фактылар табылганда;

- Катышуучу тарабынан виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо шарттарын системалуу түрдө (тестирлөө учурунда эки же андан көп жолу) сактабагандыгы, ошондой эле керектөөчүлөр үчүн терс кесепеттерди жана/же катышуучунун финансылык туруктуулугун аныктоо;

- эгерде виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөө лицензия алган күндөн тартып 6 (алты) айдын ичинде башталбаса;

- лицензияда көрсөтүлгөн тестирлөөнүн мөөнөтү бүткөндө;

- ушул Жобонун 39 жана 41-пункттарына ылайык мөөнөттөр бүткөндө;

- катышуучудан тестирлөөнү токтотуу жана тестирлөөнү аяктоонун себептерин жана мөөнөтүн көрсөтүү менен атайын жөнгө салуу режиминен чыгуу жөнүндө суроо-талап алынганда;

- тестирлөөнү ийгиликсиз деп таануу;

52. Тестирлөө токтотулган учурда атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу тестирлөөнүн алкагында жүргүзүлүүчү виртуалдык активдер менен операцияларды жүргүзүүнү токтотууга жана тиешелүү чечим/ВАУАнын эскертүүсүн алгандан кийин 3 (үч) жумуш күндүн ичинде лицензияны тапшырууга, ошондой эле атайын жөнгө салуу режиминин шарттарына ылайык тестирлөөдөн чыгууда каралган чараларды ишке ашырууга милдеттүү.

## 9-глава. Тестирлөөнүн жыйынтыгын чыгаруу

53. Лицензиянын мөөнөтү аяктаганга чейин 30 (отуз) календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө же техникалык тапшырмада белгиленген тестирлөөнүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү бар критерийлерге жеткенде, атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу тестирлөөнүн натыйжалары жөнүндө отчетту (мындан ары – Отчет) ВАУАга жөнөтөт, анда төмөнкүлөр камтылат:

- виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүү мезгили (башталышы/аягы) жөнүндө маалымат;

- техникалык тапшырманын шарттарында көрсөтүлгөндөргө ылайык тестирлөөнүн жүрүшүндө жетишилген сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр жана дал келбестиктин себептери (бар болсо) жөнүндө маалымат;

- тестирлөөнүн жүрүшүндө Катышуучу туш болгон көйгөйлөрдүн баяндалышы жана көрүлгөн чаралар, анын ичинде техникалык тапшырмага өзгөртүүлөрдү киргизүүнү кароо үчүн сунуштар;

- керектөөчүлөр тарабынан виртуалдык активдер менен операцияларга/кызмат көрсөтүүлөргө болгон суроо-талапты документ түрүндө баяндоо менен (анкеталоо, сурамжылоо ж.б.) баалоо;

- виртуалдык активдер менен операцияларды / кызмат көрсөтүүлөрдү андан ары көрсөтүүгө жолтоо болушу мүмкүн болгон ченемдик укуктук актылардын жоболорун көрсөтүү;

- виртуалдык активдер менен операцияларды/кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу керектөөчүлөрдүн даттанууларынын фактылары жөнүндө маалыматтар, журналдын көчүрмөсү менен;

- тестирлөөнүн жүрүшүндө ишке ашырылган тобокелдиктер жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтар;

- ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык толтурулган форма;

- техникалык тапшырмада бекитилген негиздеме, талдоо жана статистика менен бекемделген виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү андан ары ченемдик жөнгө салуу боюнча сунуштар жана аны ийгиликтүү аяктоо;

- виртуалдык активдер менен операцияларды андан ары ченемдик жөнгө салуу, анын ичинде тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча сунуштар.

54. Отчет алынгандан кийин 25 (жыйырма беш) календардык күндүн ичинде ВАУА отчет менен, ошондой эле ВАУАнын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмүнүн корутундусу менен таанышат.

55. Эгерде тестирлөөнүн натыйжалары боюнча атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу ВАУАнын коллегиалдуу чечиминде көрсөтүлгөн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү менен критерийлерге жетишпесе, ВАУАнын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмүнүн корутундусунун негизинде тестирлөөгө катышууга тиешелүү баа берет.

Мында атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу пландалган көрсөткүчтөр менен келишпестиктин себептери жөнүндө ВАУАга жазуу жүзүндө маалымат берет.

56. Эгерде тестирлөөнүн натыйжалары боюнча атайын жөнгө салуу режиминин Катышуучусу, анын ичинде тестирлөөнүн бир эле учурда тестирлөөнүн Катышуучулары атайын жөнгө салуу режиминин шарттарында көрсөтүлгөн сандык жана сапаттык критерийлерге жетишсе, ВАУАнын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмүнүн корутундусунун негизинде коллегиялуу чечим менен тестирлөө ийгиликтүү деп табылат.

57. Эгерде тестирлөө ийгиликсиз деп табылса, атайын жөнгө салуу режиминин Катышуучусуна, анын ичинде бир эле учурда тестирлөөнүн Катышуучуларына тестирлөөдөн өткөн виртуалдык активдер менен инновациялык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү андан ары сунуштоого тыюу салынат. Атайын жөнгө салуу режимине катышууга лицензиянын колдонулушу токтотулат.

58. Лицензия токтотулган учурда, Катышуучу, анын ичинде бир эле учурда тестирлөөнүн Катышуучулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) 1 (бир) жумуш күнүнүн ичинде катышуучуларга / колдонуучуларга атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операцияларды / кызматтарды көрсөтүүнү токтотуу жөнүндө маалымдоо;

2) ВАУАнин коллегиялуу чечими менен белгиленген мөөнөттө катышуучулардын/керектөөчүлөрдүн алдындагы милдеттенмелерди аткарууну аяктоо, виртуалдык активдерди жана/же фиат каражаттарын кардарларга кайтарууну камсыз кылуу жана иштин лицензиялануучу түрүн токтотуу;

3) Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында лицензияны колдонууну токтотуу жөнүндө эскертүүнү алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде лицензияны ВАУАнга тапшыруу.

ВАУА лицензиянын жарактуулугу токтотулгандыгы жөнүндө маалыматты расмий интернет-сайтына жарыялайт.

59. Катышуучу тиешелүү лицензияны ВАУАнга тапшырганга чейин келишимдин/дердин шарттарын аткарууга тийиш, катышуучулар/керектөөчүлөр жана товар/кызмат көрсөтүүчүлөр (үчүнчү жактар) алдында финансылык милдеттенмелерди аткарууну аяктоо жана виртуалдык активдер менен иштин лицензиялануучу түрүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык токтотуу.

Лицензияны ВАУАга тапшырууда Катышуучу үчүнчү жактардын алдында эсептешүүлөрдүн аякташын салыштырган актылардын көчүрмөлөрүн, башка катышуучулар менен өз ара эсептешүүлөрдүн аяктагандыгын ырастаган документтердин көчүрмөлөрүн кагаз түрүндө берүүгө тийиш.

60. Эгерде тестирлөө ийгиликтүү деп табылса, ВАУА коллегиалдуу чечим менен тестирлөөдөн өткөн виртуалдык активдер менен операцияларды/кызматтарды көрсөтүүгө тоскоолдук болбогон ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча тиешелүү түзүмдүк бөлүмгө сунуш киргизет. ВАУА зарыл болгон учурда банк ишине тиешелүү маселелер боюнча Улуттук банк менен өз ара иш алып барат.

61. Мыйзамдарга жана/же ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн мурун, ВАУА зарыл болгон учурда, ВАУАнын расмий веб-сайтында жана ВАУА тарабынан аныкталган башка каражаттар менен продуктуну/кызмат көрсөтүүнү сатууга кызыкдарлыгы жөнүндө ВАУАнын коллегиялык чечими

кабыл алынган күндөн тартып 15 (он беш) жумуш күндүн ичинде рыноктун катышуучуларынын/керектөөчүлөрдүн арасында сурамжылоо жүргүзө алат.

62. Тестирлөө ийгиликтүү деп табылган учурда жана тиешелүү ченемдик укуктук акты күчүнө киргенден кийин жана (же) тестирленген виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү туруктуу тартипте жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин катышуучу 60 (алтымыш) календардык күндүн ичинде ВАУАнын ченемдик укуктук актыларына ылайык виртуалдык активдер менен операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашырууга тиешелүү лицензияны алууга жана атайын жөнгө салуу режиминин алкагында берилген мурда берилген лицензияны тапшырууга милдеттүү.

## 10-глава. ВАУАнын чечимдерине даттануунун тартиби

63. Ушул Жобонун алкагында ВАУА тарабынан кабыл алынган чечимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык даттанылышы мүмкүн.

64. Ушул Жобонун алкагында кабыл алынган ВАУАнын актылары (ВАУАнын коллегиалдуу чечимдерин жана атайын жөнгө салуу режиминин алкагындагы лицензияларды кошпогондо) мөөр менен ырастоону талап кылбайт. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында кабыл алынган чечимдер катышуучуларга жазуу жүзүндө маалымдалат.

## 11-глава. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режими

65. ВАУА потенциалдуу катышуучулар тарабынан алдын ала Билдирмелерсиз виртуалдык активдер чөйрөсүндө атайын жөнгө салуу режимин (демилгелүү атайын жөнгө салуу режими) ишке киргизүүнү өз алдынча демилгелөөгө укуктуу. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режимин ишке киргизүү жөнүндө чечим ВАУА тарабынан коллегиялуу кабыл алынат.

66. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режими жөнүндө эскертүү ВАУАнын расмий интернет-сайтында жайгаштырылат жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

- демилгелүү атайын жөнгө салуу режиминин максаттары, мөөнөттөрү жана болжолдонгон натыйжалары;
- тестирлөөгө жол берилүүчү виртуалдык активдер менен операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн сыпаттамасы жана тизмеси;
- ийгиликтин критерийлерин, анын ичинде КИК/ККЛКга, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого жана кибер коопсуздукка карата талаптарды көрсөтүү менен талаптардын жана чектөөлөрдүн тизмеси;
- катышуучулардан арыздарды кабыл алуу мөөнөтү жана тартиби жана тандоо критерийлери;
- ВАУАнын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмүнүн байланыш маалыматтары.

67. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режимине катышууга билдирмелер техникалык тапшырманын долбоорунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ушул Жобонун 21-пунктунда каралган документтерди тиркөө менен ВАУАда белгиленген формада жана мөөнөттө берилет.

68. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режиминин катышуучуларын тандоо арыз ээлеринин ушул Жобонун талаптарына жана билдирмеде көрсөтүлгөн кошумча критерийлерге ылайыктуулугун баалоонун жыйынтыктары боюнча ВАУА тарабынан коллегиялуу ишке ашырылат. ВАУА тандоонун жыйынтыгы боюнча ушул Жобонун 30-пунктунда каралган чечимдерди коллегиялуу кабыл алат.

69. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режиминин техникалык тапшырмасы ВАУАнын коллегиялуу чечими менен бекитилет жана берилүүчү лицензиянын ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат.

70. Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү демилгелүү атайын жөнгө салуу режимдери, анын ичинде максаттары, мөөнөттөрү жана жыйынтыктары тууралуу маалыматтар расмий интернет-сайтта жайгаштырылууга тийиш. Жыйынтыктар ушул Жобонун 9-главасында каралган тартипте каралат.

71. Демилгелүү атайын жөнгө салуу режими ВАУАнын коллегиялуу чечими менен белгиленген мөөнөттө өткөрүлөт жана ушул Жобонун 7 жана 8-главаларында каралган тартипте узартылууга жана/же токтотулууга тийиш.

Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө жобого 1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
Виртуалдык активдер жана
блокчейн-технологиялар
боюнча улуттук агенттик
______________________________

**АРЫЗ**

Сиздерден виртуалдык активдер менен кийинки операцияны/кызматты тестирлөөгө

________________________________________________________________________

*(толук аталышы жана юридикалык дареги)*

үчүн атайын жөнгө салуу режимин түзүүгө арызды карап чыгууну өтүнөм

________________________________________________________________________

*(виртуалдык активдер менен пландаштырылган операциянын/кызмат көрсөтүүнүн кыскача баяндамасы)*

1. Уюштуруучулар жөнүндө маалыматтар:

________________________________________________________________________

Башкаруунун аткаруучу органынын курамы (жетекчинин аты-жөнү).

________________________________________________________________________

2. Ушул билдирмеге тиешелүү кошумча маалыматты алуу үчүн байланышуучу адам (аты-жөнү, кызматы, телефону, электрондук почтасынын дареги).

________________________________________________________________________
______

3. Кошо арыз берүүчүнүн бар экендиги жөнүндө маалымат (толук аталышы жана юридикалык дареги).

________________________________________________________________________
______

4. Бул арызга төмөнкүлөр тиркелет:
______________________________________________________________________________
_____

Жетекчинин кол тамгасы жана уюмдун мөөрү
20__ -жылдын «___» _______________

Кыргыз Республикасында
инновациялык кызмат
көрсөтүүлөрдү/технологияларды
киргизүүгө байланыштуу
виртуалдык активдер
чөйрөсүндөгү атайын жөнгө
салуучу режим (жөнгө салуучу
пилоттук чөйрө) жөнүндө
жобого 2-тиркеме

**АРЫЗ БИЛДИРҮҮЧҮ ЖАНА КОШО АРЫЗ БЕРҮҮЧҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

1. Арыз билдирүүчү (кошо арыз берүүчүнүн) толук аталышы:
________________________________
2. Юридикалык дареги:
________________________________________________________
3. ИСН/НМКН: __________________Каттоо датасы:
__________________________
4. Уставдык капитал:
__________________________________________________________
5. Ишмердүүлүктүн негизги
түрлөрү:_________________________________________________
6. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук

агенттигинин/ Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын колдонуудагы лицензиясынын болушу:______________________

7. 10%дан жогору үлүшү бар негизги катышуучулар (акционерлер) жөнүндө маалымат: ___________________

8. Негизги кызмат адамдарынын аты-жөнү жана кызмат орундары (CEO, CFO, CTO, MLRO): ______________________________________________________________________

9. Коммерциялык банктар, төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары үчүн — Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын макулдугунун номери жана датасы:___________________

Жетекчинин кол тамгасы жана Арыз берүүчүнүн (Кошо арыз берүүчүнүн) мөөрү

20__ -жылдын «___» _______________

Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө жобого 3-тиркеме

**ВИРТУАЛДЫК АКТИВДЕР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯ/КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ**

1. Виртуалдык активдер менен операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн түрү (кыскача аталышы): ________________________________________________

2. Сунушталган операциянын/кызмат көрсөтүүнүн инновациялуулугунун баяндалышы:_______________________________________________________

3. Тестирлөөгө катышкан виртуалдык активдердин түрлөрү:____________________________________________________________

4. Максаттуу аудитория (жеке/юридикалык жактар, алардын саны):______________________________________________________________

5. Пландаштырылган операциялардын көлөмү (ВА бирдигинде жана сом/USD эквивалентинде): _________

6. Колдонулган технологиялар (блокчейн, смарт-контракттар, протоколдор): _______________

7. Тобокелдиктерди жана аларды минималдаштыруу боюнча чараларды баяндоо: ________________________________________

8. Тестирлөөнүн күтүлүүчү натыйжалары (сандык жана сапаттык KPI көрсөткүчтөрү): ________

9. Тестирлөөнүн план-графиги (этаптары, мөөнөттөрү, аралык жыйынтыктары, экономикалык божомолдор):_____________

10. Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер рыногуна жана экономикасына потенциалдуу таасири:____________

Жетекчинин кол тамгасы жана Арыз берүүчүнүн мөөрү
Жетекчинин кол тамгасы жана Кошо арыз берүүчүнүн мөөрү(бар болсо)

20__ -жылдын «___» ________________

Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө жобого 4-тиркеме

## ВИРТУАЛДЫК АКТИВДЕР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯНЫ/КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮ ТЕСТИРЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТЧЕТТУН ФОРМАСЫ

| **Көрсөткүч** | **Мааниси / Сүрөттөлүшү** |
|---|---|
| Катышуучунун аталышы | |
| Лицензиянын номери жана датасы | |
| Вертуалдык актив менен тестирлөнүүчү операция/ кызмат көрсөтүү | |
| Тестирлөө мөөнөтү (факт боюнча) | |
| Кардарлардын саны (факт боюнча/ пландаштырылган) | |
| ВА менен операциялардын көлөмү (факт боюнча / пландаштырылган) | |
| Колдонулган виртуалдык активдердин түрлөрү | |
| KPI жетишкендиги (ар бир көрсөткүч боюнча) | |
| Катталган киберкоопсуздук инциденттери | |
| Керектөөчүлөрдүн даттанууларынын саны жана аларды чечүү | |

| | |
|---|---|
| Тестирлөөдөгү негизги көйгөйлөр | |
| Долбоордун кирешеси/чыгашалары | |
| Ченемдик актыларды өзгөртүү боюнча сунуштар | |
| Андан ары ишке киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө корутунду | |

Жетекчинин колу жана Катышуучунун мөөрү
20__ -жылдын «___» _______________

Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө жобого 5-тиркеме

**“КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ВИРТУАЛДЫК АКТИВДЕР ЖАНА БЛОКЧЕЙН-ТЕХНОЛОГИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИК”**

**ЛИЦЕНЗИЯ**

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операциялардын чектелген тизмесин жүргүзүү укугуна

Серия _________ № ___________
Берилген:
_______________________________________________________________________
__
*(юридикалык жактын толук аталышы)*
Юридикалык дареги:
_____________________________________________________________
виртуалдык активдер менен төмөнкү операцияларды/кызматтарды жүзөгө ашыруу
укугуна:______________________________________________________________
Лицензиянын жарактуулук мөөнөтү:20__ -жылдын «___» __________ тартып 20__ -жылдын «___» __________ чейин
Техникалык тапшырма ушул лицензиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

ВАУАнын башчысы______________________ (_______________________)
20__ -жылдын «___» _______________ М.О.

Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүүгө байланыштуу виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуучу режим (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө жобого 6-тиркеме

*20__ -жылдын «___» _______________*
*№ _______ Серия ______ лицензияга тиркеме*

**ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА**

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында виртуалдык активдер менен операциялардын чектелген тизмесин жүргүзүү укугуна лицензияга ________________________________________________________________________________

*(юридикалык жактын толук аталышы, мындан ары — Катышуучу)*

1. Катышуучу Режимдин алкагында виртуалдык активдер менен төмөнкү операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөөгө укуктуу:

- ...
- ...

2. Тестирлөө төмөнкү чектөөлөрдүн чегинде жүргүзүлөт:

- Кардарлардын максималдуу саны:...
- Транзакциялардын максималдуу көлөмү (ВА бирдигинде жана сом/USD эквивалентинде): ...
- Жол берилген виртуалдык активдердин тизмеси:...
- Иштеген аймагы: Кыргыз Республикасы
- Анонимдүү операцияларга тыюу салуу: бардык операциялар персонификациялаштырылган
- Башка чектөөлөр: ...

3. Катышуучуга төмөнкүдөй жөнгө салуучу жеңилдиктер берилет (конкреттүү ченемдерди көрсөтүү менен тизме):

- ...

4. Катышуучу төмөнкү милдеттүү талаптарды толук көлөмдө сактоого милдеттүү:

-AML/CFT жана KYCтин талаптарын толук көлөмдө

- Киберкоопсуздук боюнча талаптар (анын ичинде кардарлардын активдеринин 95% "муздак" капчыктарда сактоо)

- Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча талаптар

- Кардарлардын активдерин жана өздүк активдерин өз-өзүнчө эсепке алуу боюнча талаптар

- Ар айлык жана кварталдык отчеттуулук боюнча талаптар

- ВАУАга киберкоопсуздук инциденттери жөнүндө токтоосуз билдирүү (24 сааттын ичинде)

5. Тестирлөөнүн ийгиликтүүлүгүнүн критерийлери(KPI):

- ...
- ...

6. Тестирлөөдөн чыккан учурда Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- кардарлар менен виртуалдык активдер боюнча бардык күтүлүп жаткан операцияларды бүтүрүү;

- кардарларга виртуалдык активдерди жана/же фиат каражаттарын кайтарууну камсыз кылуу;

- кардарларга тестирлөөнүн токтотулушу жөнүндө 1 жумуш күндөн кечиктирбестен кабарлоого;

- ...

7.Тестирлөө мөөнөтү: 20__ -жылдын «___» __________ тартып 20__ -жылдын «___» __________ чейин

8. Бул Техникалык тапшырма лицензиянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ага кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

ВАУАнын башчысы ______________________ (_______________________)
**(лицензия берүүдө кол коюлат)**

Катышуучунун Жетекчиси ______________________ (_______________________)
(**ВАУАга арыз бергенде)**
20__ -жылдын «___» _______________ М.О.